**Литература:**

1. 《西域研究》杂志, 题目：清代新疆东布鲁特, 作者：张峰峰 武沐， 兰州， 2017 年。
Чжан Фэнфэн, У Му, Журнал «Исследования Западного региона» Тема: «Восточный Бурут в Синьцзяне в период династии Цин», Ланьчжоу, 2017 г.
2. 《新疆两千年》，作者：刘逊 刘迪, 乌鲁木齐， 2011 年。
Лю Сюнь, Лю Ди , «Две тысячи лет Синьцзяна» , Урумчи, 2011 г., 241 с.
3. 《中华历史通览》汉代卷, 清代卷； 作者：赵伯陶， 北京， 2001 年。
Чжао Бо Тао , «Всеобъемлющая история Китая», Пекин, 2001 г., 307 с.
4. 《新疆柯尔克孜民族志》, 作者：贺继宏， 张光汉， 喀什， 1992年。
Чжан Гуанхань , Хэ Цзихун, «Этнография кыргызского народа Синьцзяна», Кашгар, 1992 г., 384 с.

УДК: 94:39:572 (5-191.2)

**Айдарбек Сулайманкулович Көчкүнов**
Кыргыз-Орус Славян университети

**ЖУЖАН ДООРУНУН «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ ИЗДЕРИ**
(С. Орозбаков жана С. Каралаевдин варианттары боюнча «Манас» эпосунун келип чыгышынын изилдөөнүн айрым маселелери)

**Айдарбек Сулайманкулович Кочкунов**
Кыргызско-Российский Славянский университет

**СЛЕДЫ ЭПОХИ ЖУЖАНЕЙ В ЭПОСЕ «МАНАС»**
(Некоторые вопросы исследования происхождения эпоса «Манас» по вариантам С. Орозбаков и С. Каралаева)

**Aidarbek Sulaymankulovich Kochkunov**
Kyrgyz-Russian Slavic university

**TRACES OF THE RUZHAN ERA IN THE EPIC "MANAS"**
(Some questions about the study of the origin of the epic "Manas" according to the variants of S. Orozbakov and S. Karalaev)

**Аннотация.** Макала «Манас» эпосунун келип чыгышынын тарыхый негиздерин изилдөө маселесине арналган. Автор Борбордук Азиянын б. з. IV к. аягында V к. башында жужандар менен кыргыздардын ортосунда орун алган карым-катнаштарынын айрым издерин «Манас» эпосунда чагылышканын көрсөтүүгө аракет кылган. С.Орозбаков жана С.Каралаевдин варианттарындагы эпикалык ыр саптардан Жужан кагандыгы менен кыргыздардын ортосундагы согуштук-саясий, этномаданий айрым көрүнүштөр тарыхый булактар менен салыштырылып иликтенген. Айрыкча кытай тарыхый булактары эпостун айрым жагдайларында катылган тарыхый жана маданий процесстерди ачып берүүгө мүмкүнчүлүк бергени баса белгиленет. Автор «жаңжуң» терминин аскердикмамлекеттик чин катары гана карабастан, элдин ата-

лышын туюнткан термин дагы катары кароону сунуштайт. Экинчи өңүттө талдоо менен автор эпостун ыр саптарынан айрым тарыхый-этнографиялык жактан маанилүү натыйжаларга жетише алган. Жужан-кыргыз мамилелери «Манас» эпосунун келип чыгышында тарыхый негиздердин бири экендиги тууралуу тыянак чыгарылган.

**Негизги сөздөр:** Манас, эпос, кыргыз, түрк, жужан, жаң-жуң, келип чыгышы, тарыхый негиздери.

**Аннотация.** Статья посвящена изучению исторических условий возникновения эпоса «Манас». Автор предпринял попытку показать отражение некоторых следов взаимоотношений жужан и кыргызов, имевших место в истории Центральной Азии в конце IV и начале V веков н.э., в эпосе «Манас». Исследованы некоторые военно-политические и этнокультурные аспекты взаимоотношений Жужанского каганата и кыргызского народа в эпических стихотворных строках по вариантам С. Орозбакова и С. Каралаева в сопоставлении с историческими источниками. Особо подчеркивается, что китайские исторические источники позволяют раскрыть историко-культурные процессы, скрытые в отдельных аспектах эпоса. Автор предлагает рассматривать термин «жаңжуң» не только как военно-государственный чин, но и как термин, обозначающий название народа. Благодаря анализу эпических строк, исходя из второго аспекта, автору удалось достичь некоторых важных историко-этнографических результатов. Сделан вывод о том, что жужанско-кыргызские связи являются одной из исторических основ в возникновении эпоса «Манас».

**Ключевые слова:** Манас, эпос, кыргызы, тюрки, жужане, жаң-жуң, возникновение, исторические основы.

**Abstract.** The article is devoted to the study of the historical foundations of the origin of the epic «Manas». The author attempted to show the reflection of some traces of the relationship between the Juan and the Kyrgyz, which took place in the history of Central Asia in the late 4th and early 5th centuries AD, in the epic «Manas». Some military-political and ethnocultural aspects of the relationship between the Juan Khaganate and the Kyrgyz people in epic poetic lines according to the versions of S. Orozbakov and S. Karalaev are studied in comparison with historical sources. It is especially emphasized that Chinese historical sources allow us to reveal the historical and cultural processes hidden in certain aspects of the epic. The author suggests considering the term «zhangzhung» not only as a military and state rank, but also as a term denoting the name of the people. Thanks to the analysis of the epic lines based on the second aspect, the author managed to achieve some important historical and ethnographic results. It is concluded that the Juan-Kyrgyz ties are one of the historical foundations in the emergence of the «Manas» epic.

**Key words:** Manas, epic, Kyrgyz, Turks, Juan, Zhang-Zhun, origin, historical foundations.

Хунн империясы урагандан кийин тарыхый майданга жигердүү чыккан этникалык топтордун бири жужандар (жуан-жуандар) болуп эсептелет. Изилдөөчүлөрдүн басымдуу бөлүгү жужандарды дунху тобуна кирген монгол тилдүү уруулардын бир бутагы катары карашат. Бирок, илимде бул көз карашка күмөн санагандар да жок эмес. Маселен: «Вместе с тем их этногенез столь тесно переплетен с тюркским, что, возможно, ставить вопрос об этнической принадлежности этого народа, сложившегося на основе различных этнических субстратов и представлявшего собой конгломерат племен, не вполне корректно» [1:133]. Тарыхый окуялардын кийинки өнүгүүсү көрсөткөндөй жужандардын этносаясий тарыхы түрк урууларынын тарыхы менен тыгыз жүргөн. Жужандар курган мамлекетти илимде шарттуу түрдө Жужан кагандыгы деп атайт. Ал болжолу 402–553жылдары жашап, Түрк кагандыгынын кыйраткыч соккусунан кийин жашоосун токтоткон. Жужандар менен түрк урууларынын этногенези кайчылаш жүргөнү тууралуу пикирлер илимий адабиятта дайыма белгиленип келет. Бул маселе бүгүнкү күнгө чейин талкуу чордонунда. «Манас» эпосу, биздин оюбузча, жужандардын согуштуксаясий үстөмдүгүнүн мезгилиндеги түрк урууларынын, алардын ичинде кыргыздардын абалы тууралуу айрым маалыматтарды камтыйт. Эмесе С. Орозбаков (мындан ары - СОВ) жана С. Каралаевдин (мындан ары - СКВ) варианттарындагы «Ма-

нас» эпосунун ыр саптарынан ошол издерди иликтеп көрөлү.

Эпостун ыр саптарында «жужан» термининe окшош «жаңжуң», «Ай жаңжуң», «Күн жаңжун» деген сөздөр абдан көп кездешет. «Манас» энциклопедиясында «жаңжуң» термини «цзянцзюнь» – генералгубернатор дегенди түшүндүрөт деген пикир айтылат. [2:329]. Бирок бул термин эпостун айрым ыр саптарында контекстке жараша ар кандай маанини дагы берээри көрүнүп турат (Бул жөнүндө алдыда сөз кылабыз). Албетте, эпос ырааттуу жазылган тарых эмес, ал өзүнүн ички табиятына жараша өнүгөт.

Биздин оюбузча, эпостогу «жаңжуң» жана анын варианттары *«Ай жаң-жуң», «Күн жаң-жун»* сөздөрү б. з. IV кылымдын аягында V кылымдын башында тарыхый аренага чыккан жужандар менен байланыштуу. Жужандар уруулар бирикмесинен туруп, анын курамына негизинен монгол (мүмкүн басымдуу бөлүгү) жана түрк тилинде сүйлөгөн уруулар киришкен. Жужандардын саясий, маданий өнүгүшүнүн, эл аралык карымкатнаштарынын кээ бир издерин «Манас» эпосунан көрсө болот. Мисалы: «Ошпур байдан кеп уктум, ТерсСуудагы Текес кан,

(Теңир ургур кандай жан?)
Баш жакты бурут алды деп,
Арадан чыгып *төрт бурут*
Бу кандай айылга дүрбөөн салды деп,
Оролду бурут алды деп,
Ортодон чыккан *төрт бурут,*
Бу кандай дүмөк салды деп,
Ушу баштан өргүтпөй
Ойрондоюн аны деп,
Кылымдын Какан каны деп,
Кыпчак, кыргыз, казагын,
Колуна берип азабын
Кыйратайын аны деп,
Кемен деген *жаң-жуңга*
Кетириптир кабарга,
Кеңгес деген аярын
Чаптырыптыр чабарга» *(С. О. Манас. 1979, II к.: 22).*

*Жаң-жуң* сөзү СОВдогу эпостун ыр саптарында ал дайыма кыргыздын душмандарынын аскер даражасын билдирген чин катары берилет. Ал эми СКВда *жаңжуң* сөзү көпчүлүк убакта элдик топ маанисинде айтылат. Мисалы, Алмамбеттин кытайлар менен болгон урушта кырк чорого кайрылып:

«Жабылып баарың турганда,
Жаяны кесип жечү элем,
Жабыркатып жанымды,
*Жаң-жуңду* бузам дечү элем»
*(С. К. Манас. 1986, II к.: 195)*

Же, Манас Алмамбет, Чубак, Сыргак чоролорунан ажырап, арман кылып айтып турган жери:

«Жанаша болсо Алмамбет
*Жаң-жуңду* бузам дечү элем»
*(С. К. Манас. 1986, II к.: 225)*

Жаңжуң жалгыз адам болгондо аны «өлтүрөм», «башын алам» ж. б. у. с. сөздөр колдонмок, ал эми «*Жаңжуңду* бузам» дегени «элди бузам», «талкалайм» деген маанини бергенсийт.

Мисалы, СКВда:

«Ойротту бузчу шер да экен» *(С. К. Манас. 1984, I к.: 178).*

Бул жерде «ойрот» сөзү эл маанисинде айтылып жатканы түшүнүктүү.

Эгерде СКВнын ыр саптарына таянып *жаң-жуң* сөзүн элди туюнткан түшүнүк катары кабыл ала турган болсок анда тарыхтагы белгилүү *жуан-жуан (жужан)* эли менен түздөнтүз байланыш келип чыгат. Эпостун ыр саптарына кайрадан көңүл буралы:

«Каны Текес калтырап
Коркуп кирди бу дагы:
*Келип улук болгонум*
*Түрк элинин арасы,*
Бээжин түгүл бу жерге
КараШаар Кумулдун
Түк көрүнбөйт карасы.
Лаайлама колдой көр,
Кыйыныраак болгон бейм
Кыргыздардын Манасы» *(С. О. Манас. 1979, II к.: 34–35)*

Бул саптарда душмандар (жужандар) түрк элин (урууларын) баш ийдирип турганы тууралуу айтылып жатат. Текес коркконунан күндүк жолдон Куяс деген аярын (коргоочу, сактоочу) алдырып ага болгон ишти айтат. Ал келгенде маңгулдуктун (монголдор) баарысы сүйүнөт дейт, эпосто.

Ошондо Куястын айтып турганы:

«Аяр Куяс мактанып,
Коркпоңуз деп калганы:
Алтайдагы жердеген
*Алтымыш үйлүү буруттур*
...

«Ортодо *төрт буруттур,*
Ойрон болгон туруптур,
Ошондон коркуп жүргөнүң
Сени да кудай уруптур» *(С. О. Манас. 1979, II к.: 36)*

Текес кан Манастын аскеринен жеңилгенин билгенден кийин курчоодо калып, намысына чыдабай өзүн өзү бычак менен жарып өлөт. Албетте, көчмөндөрдүн аскердик салты боюнча жеңилген эл мүлкү менен талоонго түшөт. Бирок, Манас талоонду токтотууга буйрук берет:

«Өткүр Манас айкырып:
Кылыч чаппай, ок атпай,
Кыйынсынып жаа тартпай
Алдырып салган ким дейсиң,
*Албаңар жырык ийнесин,*
Не кыласың калмактын
Эзелден жыйган дүйнөсүн.
...
Кары, жашың, чалыңар,
Дүнүйөдөн куруп калгандай
Кантесиңер баарыңар!» *(С. О. Манас. 1979, II к.: 44)*

Ошентип Манастын буйругу аткарылып, талоон токтойт. Бирок ушул жерде таң калыштуу окуя орун алат. Манас душманын (эпосто алар бирде кытай, бирде калмак деп айтылат) тыптыйпыл кылып талкалоонун ордуна кандыкты сактап калууну көздөйт. Ал тууралуу мында ыр саптары айтылат:

«Эми Манас кеп айтат,
Карап турган калмакка:
Ээ, калайык деп айтат,
Текес өлдү дуу дууңар,
Текши баарың турдуңар.
Баашабыз өлдү дедиңер,
Башы жок калса денеңер
Тирилигиң болобу,
Тим койсо Манас оңобу,
Тууганың бар, уругуң,
Өзү өлдү Текес улугуң,
*Каныңарды каала деп*
Калкыңа айтып турумун,
*Жакыныңдан кан шайла,*
Жалганы жок мунумдун.
Көтөрүп тууңду байла деп,
*Көпчүлүк каның шайла деп*
Көк жалың Манас айтты кеп» *(С. О. Манас. 1979, II к.: 45)*

Жеңилген тарап бир топ талаштартышуудан кийин (Сайкалдын атасы Карач кан болуу сунушуна адегенде макул болот, бирок кызынын талабы менен кандыктан баш тартат) Темирдин алты уулунун кенжеси (Текес эң улуусу болгон) *Тейишти* кандыкка шайлап алышат. Ушул ыр саптын изин тарыхый булактардан карай турган болсок анда төмөндөгүдөй кызыктуу тарыхый маалыматты учуратабыз: «В первое лето государя Фэйди, 552, в первый месяц, Тумынь послал войско на Жужань и совершенно разбил жужаньцев по северную сторону Хуаймана. Анахуань предал себя смерти; а сын его Яньлочен бежал во владения Дома Ци. Оставшийся народ поставил государем Дынщуцзы, Анахуанева младшего дядю по отце» [3:228]. Бул окуя түрктөрдүн Алтай тоолорунда күчтөнүп алгандан кийин аларга үстөмдүк кылып турган жужандар менен болгон согуштардын соңкусу. Бүгүнкү тарых илиминде негизинен кабыл алынган көз караш боюнча түрк элдеринин саясий тарыхы б.з. 534жылы *Бумындын* (кытай булактарында: Тумынь) бийлик башына келиши менен башталат. Ал атасынын жабгу аталыштагы бийлик мансабын энчилеп алат. Түрктөр бул мезгилдери монгол тилдүү деп эсептелген Жужан кагандыгынан көз каранды болушуп жана аларга өздөрү жогорку сапатта иштеткен темир менен салык төлөп турушкан. Алтай тоолору темир кендерине бай болуп түрктөр аларды казып, эритип, сапаттуу, бекем буюмдарды жасаганды жакшы өздөштүрүп алышкан. Өздөрү дагы тышкы соодасатык алакаларга аралаша башташат. Кытай тарыхый булактарында 533-жылы түрктөрдүн соода кербендери кытай чектерине келип кездеме соодалашканы тууралуу маалыматтар бар. 545жылы кытайдын элчилиги Бумындын ордосуна келген [3:228]. Ич ара согуштук аракеттердин натыйжасында Бумын тектеш түрк элдерин, айрыкча көп сандуу, бирок, борбордоштурулган бийлиги жок огуз (огур, гаогюй, теле) урууларын бириктиргенге жетишет. Алардын саны 50 миң түтүнгө жеткен (болжолу 250 миң адам). 551жылдын этегинде Бумын жуандардын каганы Анахуандан (Анагуй) кызынын колун сурайт. Анахуан текеберлик менен: «Сен менин темир ширетүүчүмсүң! Кызымдын колун сураганга кантип батындың!» – деп жооп узаткан. 552-жылдын башында түрктөр Жуан кагандыгына кол салышып, ай-

ыгышкан салгылашуудан кийин жеңип чыгышат. Анахуан өз жанын өзү кыят. Ушул зор тарыхый жеңиштен кийин Түрк эли Борбордук Азиянын кенен талааларында согуштуксаясий жүрүштөрүн башташат. Ошону менен катар кийинки тарыхый процесстер көрсөткөндөй бул окуя дүйнө тарыхын башка нукта өнүгүүгө жол ачкан. Ушул тарыхый окуялар «Манас» эпосунда кандайдыр бир деңгээлде чагылышкандай сезилет. *Биринчиден,* Жуандардын кагандыгы талкаланганы менен анын мамлекеттүүлүгү биротоло жоголгон эмес. Аны жогоруда келтирилген тарыхый булак тастыктап турат. *Экинчиден,* мамлекеттин башына чоочун адам келбестен Анахуандын аталаш тууганы – инилеринин бири келип жатат. Эпосто дагы Текестин кичүү иниси кан болуп шайланып жатат. *Үчүнчүдөн,* эки элдин ортосундагы согушта аял киши себепкер болуп жатканы кызыгуу жаратат. Албетте, согуштун себептеринде объективдүү факторлор, согуштуксаясий кызыкчылыктар орун алган. Бирок, согуштун чыгышына шылтоо катары бир нерсе керек болгон. Ошол шылтоо Анахуандын кызы болуп жатат. Ушул жерде эпосто биринчи жолу аты чыга баштаган Сайкалдын элеси көз алдыга тартылат. Албетте, түз окшоштуктар жок, эпикалык чыгармада андай көрүнүштөр чанда кезигет. Бирок, Текестин лагеринен кандыктан баш тарткан Карачынын кызы Сайкалдын эпостун ыр саптарына кирип жатышы кокусунан эмес. Карачы Текестин мамлекетинде доотай ченине чейин жеткен ишмер. Жашы сексендерге таяп калган. Сайкал менен сайышка эч ким чыкпай койгондо Манас намысына келип өзү чыгат. Аны менен бетмебет келгенде:

«Кабылан Манас ойлонду:
Катуу сайсам нетер деп,
Кокус өлүп кетер деп,
*Өзүм алчу кыз экен*
Өлүп кетер бекер деп»
...
Нак ушуну алсам деп
Манастын кетти эсине». *(С. О. Манас. 1979, II к.: 57)*

Ушул жерде мындай ойлор жаралат. Бумын Анахуандын кызын сураганда анын бербесин билген. Экинчиден, Анахуандын кызы дагы Бумынды жактырбай, теңине алган эмес. Кайдагы «темирчинин тукуму» деши мүмкүн. Манаста Текес менен болгон согуштун себепкери Сайкал болушу мүмкүнбү деген ой өзүнөн өзү жаралат. Сайкал менен Манастын сайышка түшүшүндө Бумындын Анахуан менен болгон согушунун издери бардай сезилет. Анахуандын кызы атасы өзүн өзү өлтүргөндөн кийин өч алуу иретинде кандайдыр бир аракеттерди жасашы мүмкүн. Жуан мамлекетин кайра калыбына келтирүү аракетинде анын, Анахуандын кызы, кандайдыр бир ролду ойногон. Албетте, булар божомол ойлор, бирок тарыхый логика бардай сезилет. Ушул жерде суроо жаралышы мүмкүн: кыргыздар ошол алтай түрктөрүнүн курамында бар беле же ошол түрктөрдү кыргыздар катары кабыл алуу керекпи? Бул суроого так жооп берүү кыйын, бирок эки жагдай оң жооп тапканга шарт түзөт. *Биринчи жагдай,* түрк уруусунун уламышында кыргыздардын катышы бардыгы. *Экинчи жагдай,* буга чейин кыргыздарды жужандар каратып алышкан. Бул жөнүндө кытай тарыхый булагы мындай маалымат берет: «Хулюй на севере покорил владения Хэвэй и Йегу (кыргыз – А.К.), на востоке разбил аймак Пиличень» [3:188]. Бул окуя 411-жылдары болгон (Ошол эле жерде). Бул жөнүндө Л. Н. Гумилев дагы мындай деп жазат: «В начале V в. в степи от Хингана до Алтая безраздельно господствовал хан жужаней Шелунь, по прозванию Дэудай – «стреляющий на скаку из лука». Покорив телеские кочевья, он столкнулся со среднеазиатскими хуннами, осевшими на р. Или. Их главой был некто Жибаеги. В упорном сражении на р. Онгин Жибаеги разбил Шелуня, но справиться с жужаньской державой в целом не смог и «покорностью купил себе покой». Основной задачей Шелуня было не допустить усиления империи ТобаВэй, силы которой намного превосходили силы жужаньского хана. Только постоянные войны на юге Китая мешали тобавэйскому императору расправиться с отложившимися подданными, и потому Шелунь поддерживал всех врагов Тоба. В 410 г. Шелунь умер и ханом стал его брат Хулюй. Хулюй оставил в покое Тоба и обратился на север, где подчинил себе енисейских кыргызов (иегу) и хэвэй (какоето сибирское племя)» [4:13-14].

Ошондой эле СКВнун «Семетей» бөлүмүнүн «Каныкейдин жомогунда», биздин

оюбузча, ушул маселеге тиешеси бар дагы бир жагдайга көңүл бурулат. Каныкей Семетейге атасынын баатырлык жүрүштөрүн саймедиреп айтып берген жеринде мындай саптары бар:

«Топон суу тийбес Бээжинге
Токтобой кирип чыр салып.
Казына бузуп уз алып,
Тартуусуна берендер
Айжаңжуң кызы Бирмыскал,
Эсен кан кызы Бурулча
Эки мыкты кыз алып,
...
Эсенкан кызы Бурулча,
Алмама нике кыйдырган.
Айжаңжуң кызы Бирмыскал
Олжого тартып алдык деп,
Чубакка нике кыйдырган» *(С. К. Семетей. 1987, I к.: 162)*

Бул ыр саптары Манас, Алмамбет жана чоролору баш болгон эпикалык кыргыздардын аскеринин Бээжинге болгон Чоң казатына окуялардын жүрүшү боюнча тиешелүү болгону менен жалпы тарыхый контекске караганда кыргыздар душмандары менен болгон айгышкан күрөш жүргүзгөнүн жана максаттарына жеткенин көрсөтүп жатат. Бул ыр саптары, биздин оюбузча, кандайдыр бир деңгээлде кыргызжужан согуштарынан кабар бергенсийт.

Демек, Жужан кагандыгында кыргыздар 411-жылдан 551-жылга чейин көз карандылыкта турушкан. Бул 140 жыл. Ушул жерде дагы бир кызыктуу жагдайга токтоло кетели. Ал буддизм дини менен байланыштуу. Л. Н. Гумилев мындай деп жазат: «Но единство в орде нарушилось. В Жужань проник буддизм. Как обычно, буддийские миссионеры первым делом сделали буддистом хана. В ставке появились «шамыни» – буддийские священники и «ни» – монахини. В новых условиях буддизм принимал фантастические формы: например, монахини имели законных мужей, но это, видимо, не смущало хана. Однако, несмотря на всю скудность сведений, можно утверждать, что далеко не всем буддизм нравился. Оппозиция возникла и в семье хана, и в войске. Жужань потеряла единство, которое ей было необходимо более чем когдалибо. В 513 г. во главе жужаньского посольства в Китай стоял шаман Хуннсюань, который привез «идола, жемчугом обложенного» [30, т. I, с. 196]» [4:20]. «Манас» эпосунда кытай Нескарага тиешелүү сюжетте анын чабдар аты мындай дейт:

Арык ээси Нескара, Аңдап угуп сөз кара.
...
*Алтындан бутту койгун деп,*
Ар качан башыңды ургун деп,
Алда деген нак ушу
Айтканын кылып тургун деп,
Жарлыгы жалган түк болбойт,
Жаман деген жан оңбойт,
Жамандык көргөн күнүңдө
Жалынып келсең чоң колдойт.
*Бут койдуруп бултуйтуп,*
*Эки ууртун дулдуйтуп,*
*Алтындан кылган баштарын,*
*Осмодон койгон каштарын,*
*Көөхардан кылып көзүнү,*
*Көркүн оңдоп өзүнү.*
*Сары алтындан бой кылып,*
*Забар зерден кол кылып,*
*Инжиден сайып тиш кылып,*
*Жыргатчуудай иш кылып,*
*Эрди, мурду зумурут,*
Эртеликечти кызматын
Эрикпей кылып олтурат». *(С. О. Манас. 1984, I к.: 195–196)*

Жужандарга буддизм дининин киргени тууралуу жогорудагы тарыхый маалымат менен «Манас» эпосундагы бул ыр саптарынын үндөшүп турганы таң калаарлык көрүнүш. Албетте, эпикалык чыгармада бул саптар жаныбардын – Нескаранын чабдар атынын – тили менен берилип жатканы жалпы эле эпикалык чыгармалардын мифологиялык катмарларынын табияты. Баатырдын минген аты анын көлүгү гана эмес, анын тил бүткөн жолдошу, кеңешчиси, даанышманы, көсөмү жана башка касиеттерге ээ жаныбары [5:139-146]. Бул мифологиянын тарыхый негизи бар экени биз үчүн маанилүү. Ал кандайдыр бир деңгээлде эпостун келип чыгуу маселесин изилдөөдө ачкыч болуп бере алат деп ойлойбуз. Эң оболу бул факт окуянын тарыхый хронологиясын тактоого мүмкүнчүлүк ачат. Л. Н. Гумилев жазгандай буддизмдин кириши менен жужандардын ичинде ырк кете баштаган. Ал эми кытайга барган жужан элчилиги кайтып келгенде Будданын (эпосто – *буттун*) бермет менен шөкөттөлгөн келбетин ала келгени эпостогу «көзүн көөхардан, боюн сары алтындан, колун забар

зерден, тишин инжиден сайып, эрди, мурду зумурут» – деген саптар дал келип турат. Албетте, кыргыздар будда динин алып жүргөн элдер менен (кидан, монгол, калмак, манжур, тибеттиктер) дайыма карымкатнашта жашап, алардын дин өзгөчөлүктөрүн абдан жакшы билишкен. Кыргызстандын аймагында дагы буддизмге тиешелүү тарыхый эстеликтер табылган. Бул ыр саптары соңку доорлордо деле жаралышы толук мүмкүн. Бирок, бул саптар, биздин оюбузча, байыркы мезгилдеги, тактап айтканда кыргыздар менен жужандардын ортосундагы диний айырмачылыктардын пайда боло башташынан жаралган деп божомолдосок болот. Жужандардын ичиндеги диний процесстер анын карамагындагы элдерге кандайдыр бир деңгээлде таасир берген. Л. Н. Гумилевдун изилдөөлөрүнө таянсак анда бул процесстер V кылымдын этегинде VI кылымдын башында орун алган. 513-жылы кытайга барган жужан элчилигинин жетекчиси шаман Хуннсюандын ала келген будданын келбети (бюсту) жужандардагы диний процесстер тууралуу кабар берет. Ушул эле окуяга улай чабдар аттын балтыр эти толо элек он үч жашка келген Манасты жок кылууга Нескарага берген кеңеши көңүл бурат *(С.О. Манас. 1984, I к.: 196–198)*. Албетте, эпостун мындан башка дагы ыр саптарында кыргызда баатыр төрөлөөрү тууралуу айтылат. Бирок, биздин оюбузча, бул ыр саптарынан кыргыздардын жужандар менен боло турган келечек согуштары тууралуу алдын ала айтылган ойлор жатат. Кыргыздарды жалпы жонунан жужандарга карап калган түрк элинин бир бутагы катары карай турган болсок, анда жужан каганы Анахуан менен болгон согушта жужандардын кыйроосу айтылганын көрөбүз. Жужандарга Алтайдагы түрк эли, алардын ичинде кыргыздар, күчтөнүп баратканы тууралуу маалыматтар жетип турган болушу керек. Буга далил катары жогоруда келтирилген кытайлар менен чек аралаш жердеги жармаңкеде Алтай түрктөрүнөн келген соода кербени тууралуу маалымат. Демек, алтай түрктөрү менен айгышкан согуштардын натыйжасында Жужан кагандыгы ураган тарыхый окуялар эпосто мифология менен коштолгон ыр саптарында берилгенсийт. Келечекте боло турган жужан трагедиясынын символдорун Нескаранын Манастан жеңилишинен көрөбүз. Ушул жерде жужандарга каршы согушту баштаган жана жеңишке жеткирген алтай түрктөрүнүн алгачкы аскер башчысы Бумындын образы көзгө тартылат. Бул реалдуу тарыхый инсан. Албетте, Бумынды Манастын прототипи катары кароо үчүн далилдер жетишсиз. Бирок, эгерде Бумындын түрк урууларын жыйнап, аларды бирдиктүү этносаясий күчкө айландырууга кылган аракеттерин Манастын ушундай эле аракеттери менен салыштыра карап көрсөк, анда маселени ушундай өңүттө коюу негиздүү деп ойлойбуз.

Жужандарга тиешелүү дагы бир жагдайды келтирели: «В их владении умеют, используя колдовство, приносить жертвы Небу и вызывать ветер со снегом. [В результате] впереди ясное солнце, а сзади грязевые потоки воды. В связи с этим, когда они терпят поражение, их невозможно догнать. Если они прибегают к этому способу в Срединном государстве, то делается пасмурно, но снег не идет. На вопрос о причине этого они говорят, что в [Срединном государстве] тепло» [6:290]. Бул жерде албетте «жай таш» жөнүндө кеп жүрүп жатат. Манас эпосунун көпчүлүк варианттарында жай таштын магиялык касиети тууралуу ыр саптар көп кездешет. Айрыкча, СОВдо арбын айтылат. Албетте жай таш магиясы (имитациялык магия) Борбордук Азиянын көчмөн элдеринде, алардын ичинде кыргыздарда дагы белгилүү ишенимдерден болуп эсептелет [7:328; 8:53-57; 9:49-53]. Айрым учурларда көчмөн мамлекетинин жетекчилери – кандар (хандар) өздөрү дагы жайчылык касиеттерди алып жүргөндөрү белгилүү. Эпосто жайчылык Алмамбетке көбүрөөк тиешелүү өнөр катары айтылат. Ал бул өнөрдү өзүнүн ата журтунда жүргөндө окуп үйрөнгөн. Эгерде Алмамбеттин кытай калкынан (айрым варианттарда калмактардан) келген каарман экенин эске алсак, анда бул жагдай (Алмамбеттин жайчылык өнөрү) бизди Жужан кагандыгына алып келет. Жужандардын ичинде жогоруда келтирилген тарыхый окуялардын натыйжасында кыргыздар дагы жашашкан деп айттык. Ушул тарыхый кырдаалда «Манас» эпосунун алгачкы ыр саптары жаралышы толук мүмкүн. Себеби, кагандыктын курамында түрк тилдүү жана монгол тилдүү уруулар жана элдер аралаш жашашкан. Эпостогу негизги

этностук топтор, атап айтсак, кыргыз, кыпчак, түрк, кытай, калмак, солон, шибэ, нойгут жана башкалар ушул мамлекеттин курамында камыржумур болуп жашашып, жакшылык жамандыктарында бирин бири душмандыгына карабай конокко чакырып турушкан. Эгерде ушул доорду «Манас» эпосунун келип чыгышына түрткү берген доорлордун бири (байыркы мезгилден бери экинчи же үчүнчү) катары карай турган болсок, анда эпостогу элдердин калайман мамилелери, айрым учурларда чатактар менен аяктаган коомдук турмуштун себептери түшүнүктүү болот. Ушул мамлекеттин курамында алтай түрктөрү, алардын ичинде кыргыздардын, боштондук үчүн күрөшү башталганын эске алсак эпостун келип чыгыш жагдайынын тарыхый негиздери пайда болот.

Жужан кагандыгы жана анын айрым жагдайларынын «Манас» эпосуна катыштыгы боюнча төмөндөгүдөй жыйынтыктарга келсе болот. Жужандар жана кыргыздар Борбордук Азиянын тарыхында терең из салып кеткен элдерден болуп эсептелет. Жужандарга чейин бир нече кылым мурда өз алдынча мамлекет түзүүгө жетише алган кыргыздар, ошондой эле бир катар түрк уруулары, тарыхый шарттарга байланыштуу IV к. аягында V к. башында Жужан кагандыгына карап калышкан. Бул кырдаал кытай тарыхый булактарында аздыркөптүр чагылышып, алардан ошол мезгилдеги этномаданий, этносоциалдык жана этносаясий процесстерден маалыматтарды алса болот. Ушул багыттагы изилдөөлөргө «Манас» эпосу дагы тарыхый булак болуп бере алат деген ойдобуз. Биз жазма тарыхый булактарда окшоштуктарга, айрым учурда таң калаарлыктай дал келген гана жагдайларын салыштырып изилдөөгө аракет кылдык. Албетте, «жаңжуң» терминин аскердикмамлекеттик чин катары, ошондой эле эпостун ыр саптарынын контекстине карай элдин аталышын туюнткан термин дагы катары караса болот. Экинчи өңүттө караса, биздин оюбузча, эпостун айрым сырлары ачылат деп ойлойбуз. Ошону менен катар «Манас» эпосунун тарыхый этнографиялык булак катары баалуулугу жогорулайт.

**Булактар:**

Манас: Эпос. / Кырг. ССР И.А., Тил жа адабият инту; Сагымбай Орозбак уулунун варианты бча. – I китеп. 2бас. – Фрунзе: Кыргызстан, 1984.

Манас: Эпос. / Сагымбай Орозбак уулунун варианты бча. – II китеп. – Фрунзе: Кыргызстан, 1979.

Манас: Эпос. / Сагымбай Орозбак уулунун варианты бча. – III китеп. – Фрунзе: Кыргызстан, 1981.

Манас: Эпос. / Сагымбай Орозбак уулунун варианты бча. – IV китеп. – Фрунзе: Кыргызстан, 1982.

Манас: Эпос. / Саякбай Каралаевдин варианты бча. – I китеп, Фрунзе: Кыргызстан. 1984.

Манас: Эпос. / Саякбай Каралаевдин варианты бча. – II китеп, Фрунзе: Кыргызстан. 1986.

Семетей: Эпос. / Саякбай Каралаевдин варианты бча. – I китеп, Фрунзе: Кыргызстан. 1987.

**Адабияттар:**

1. Кочевые империи Евразии: особенности исторической динамики / Отв. ред. Б.В. Базаров, Н.Н. Крадин; Инт монголоведения, буддологии и тибетологии СО РАН; Инт истории, археологии и этнографии народов Дальнего Востока ДВО РАН. – М.: Наука – Вост. лит., 2019.
2. «Манас» энциклопедиясы. – 1китеп. – Бишкек: Кыргыз энцикл. башкы редакциясы, 1995.
3. Бичурин Н. Я. (Иакинф). Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена // Редакция текста, вступ. ст., комм. А.Н. Бернштама и Н.В. Кюнера. Т.1. М.–Л.: Издво АН СССР, 1950.
4. Гумилев Л. Н. Древние тюрки. – М.: Наука, 1967.
5. Липец Р. С. Образы батыра и его коня в тюркомонгольском эпосе. – М.: Наука, 1984.
6. Таскин В. С. Материалы по истории древних кочевых народов группы дунху. – М: ГРВЛ, 1984.

7. Валиханов Ч. Ч. Собрание сочинений в пяти томах. Том 3. – АлмаАта: Главная ред. Казахск. сов. энцикл. 1985.
8. Баялиева Т. Дж. Доисламские верования и их пережитки у киргизов. – Фрунзе: Илим, 1972.
9. Асадов Ф. М. Арабские источники о тюрках в раннее средневековье. – Баку: Элм, 1993.

УДК: 947.1 (575.2):390

**Абдырахманов Б.М.**
М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин окутуучу
**Элчибеков У.С.**
М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин окутуучусу

## ЕНИСЕЙ КЫРГЫЗДАРЫНЫН ЭТНОГРАФИЯЛЫК ИЗИЛДӨӨЛӨРҮНДӨГҮ ТАЛАШТУУ МАСЕЛЕЛЕР

**Абдырахманов Б.М.**
Преподаватель Ошского технологического университета
им. М. Адышева
**Элчибеков У.С.**
Преподаватель Ошского технологического университета
им. М. Адышева

## ДИСКУССИОННЫЕ ПРОБЛЕМЫ ЭТНОГРАФИЧЕСКИХ ИССЛЕДОВАНИЙ ЕНИСЕЙСКИХ КЫРГЫЗОВ

**Abdyrakhmanov B.M.**
Lecturer at the Osh Technological University named after M. Adyshev
**Elchibekov U.S.**
Lecturer at the Osh Technological University named after M. Adyshev

## DISCUSSION ISSUES OF ETHNOGRAPHIC RESEARCH OF THE YENISEI KYRGYZ

**Аннотация.** Бул макала Енисей кыргыздарынын этнографиялык изилдөөлөрүндөгү негизги талаштуу маселелерди карайт. Изилдөөдө этногенез, тарыхый булактардагы карама-каршылыктар жана этнографиялык, археологиялык далилдердин шайкештиги боюнча негизги теориялар жана методологиялык мамилелер талданган. Кыргыздардын келип чыгышына байланыштуу түркчө, автохтондук жана аралаш теориялар, ошондой эле «кыргыз» этнониминин лингвистикалык жана мифологиялык мааниси изилденген. Кытай, араб, перс жана орус булактарынын маалыматтарынын өзгөчөлүктөрү жана алардын бири-бирине карама-каршылыктары талкууланган. Материалдык жана руханий маданият боюнча археологиялык табылгалар менен этнографиялык маалыматтарды салыштыруу аркылуу Енисей кыргыздарынын жашоо образы, ишенимдери жана маданий баалуулуктары жөнүндө кеңири түшүнүк берилген. Ошондой эле, макаланын жыйынтыгында изилдөөлөрдө кездешкен талаштуу маселелердин илимдин өнүгүшүнө тийгизген таасири белгиленип, келечектеги изилдөөлөр үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөр жана милдеттер сунушталган. Енисей кыргыздарынын этнографиясы түрк жана көчмөн элдердин маданий мурасын изилдөөдө маанилүү маалымат булагы экендиги баса белгиленет.

**Ачкыч сөздөр:** Енисей кыргыздары, этногенез, этнография, археология, тарыхый булактар, санариптик технологиялар, руханий маданият.

**Аннотация.** Данная статья рассматривает основные дискуссионные вопросы в этнографических исследованиях енисейских кыргызов. В исследовании проанализированы основные теории и методологические подходы к этногенезу, противоречиям в исторических источ-